| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br><br>**ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br><br>**МЭРИЯ ГОРОДА ОШ** |

**ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

20____-жылдын “________”___________, №_______

**2026-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы маалыматтык саясатынын мамлекеттик программасын Ош шаарынын аймагында аткарууга алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 27-январындагы № 29 “2026-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы маалыматтык саясатынын мамлекеттик программасын бекитүү жөнүндө” токтомун аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 17, 18, 44, 45, 48-беренелерин жана Кыргыз Республикасынын “Ош шаарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 8, 18, 20, 21-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 27-январындагы № 29 “2026-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы маалыматтык саясатынын мамлекеттик программасын бекитүү жөнүндө” токтому Ош шаарынын аймагында аткарууга алынсын.
2. 2026-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы маалыматтык саясатынын мамлекеттик программасын Ош шаарынын аймагында ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышы боюнча маалыматты ар кварталдан кийинки айдын 5-числосуна чейин Ош шаарынын мэриясына жиберилип турулсун.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси М.О. Осмоналиевге жүктөлсүн.

**Мэр** **Ж.К. Акаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 007135 *

**Ош шаарынынын мэрияеынын**
**2026-жылдын _______________**
**№ _____ токтомунун тиркемеси**

## 2026-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга аршы маалыматтык саясатынын мамлекеттик программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы

| № | Милдеттер | Чаралар/аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Жоопту аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Коррупцияга каршы улуттук маалыматтык өнөктүктү жүргүзүү | 1. Коррупция келтирилген зыян жана анын алдын алуу жолдору жөнүндө маалыматтык материалдарды (видеороликтер, инфографика) иштеп чыгуу жана өздөрүнүн сайт, расмий баракчаларыиа киргизүү | 2026-жылдын 1-2-кварталы | Ош юстиция башкармалыгы<br>Ош шаардык ички иштер башкармалыгы<br>Ош шаарынын маданият башкармалыгы<br>Ош шаардык билим берүү башкармалыгы<br>Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык мекеме-ишканалары |
| | | 2. Иш-чаралар комплексин ишке ашыруу: ЖМК жана медиа-коомчулуктун башка өкүлдөрүнүн катышуусу менен социалдык тармактарда социалдык жарнама, видеороликтер, челленджлер жана флешмобдор, хештег-өнөктүк<br>#ТазаКыргызстан,<br>#МенПараБербейм<br>#МенПараАлбайм<br>коррупциянын фактылары жөнүндө билдирүүлөр үчүн QR-коддору менен баннерлерди жана инфографикаларды жайгаштыруу | 2026-2027-жылдар, квартал сайын | Ош шаардык ички иштер башкармалыгы<br>Ош шаарынын маданият башкармалыгы<br>Ош шаардык билим берүү башкармалыгы<br>Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык мекеме-ишканалары |
| | | 3. Коррупциянын кесепеттерине жана аны жок кылуунун маанилүүлүгүнө, анын ичинде коррупциялык кырдаалдардын сценарийлерин көрсөтүү үчүн дипфейк технологияларына арналган ЖИ-генерацияланган аудио жана видео контентти түзүү жана жайылтуу. Материалдарды мамлекеттик | 2026-жылдын 1-2-кварталдары | Ош шаардык ички иштер башкармалыгы<br>Ош шаарынын маданият башкармалыгы<br>Ош шаардык билим берүү башкармалыгы<br>Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык мекеме-ишканалары<br>"Санарип Ош" муниципалдык ишканасы |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | телеканалларга, социалдык тармактарга жана корпоративдик платформаларга интеграциялоо | | |
| 2 | Коррупцияга каршы тематика боюнча интерактивдүү билим берүү ресурстарын түзүү жана илгерилетүү | Санариптик продукттарды (онлайн-курстар окутуу платформалары, квесттер, стол үстүндөгү жана мобилдик оюндар, видео контент) иштеп чыгуу жана аларды жаштар, айыл тургундары жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер арасында жайылтуу | 2026-жыл | Ош шаардык билим берүү башкармалыгы<br>Ош шаарынын маданият башкармалыгы<br>Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министирлигинин Ош шаардык башкармалыгы<br>Ош шаарынын аймагындагы жогорку окуу жайлар<br>“Санарип Ош” муниципалдык ишканасы |
| 3 | Жаштардын коррупцияга каршы демилгелерин колдоо жана өнүктүрүү | Жарандык коомдун институттарын жана эл аралык өнөктөштөрдү тартуу менен коррупцияга каршы долбоорлорду ишке ашыруучу мектеп жана студенттик клубдардын, ыктыярчы топтордун, дебаттык коомчулуктардын жана уюмдардын ишине көмөктөшүү | 2026-2027-жылдар | Ош шаардык билим берүү башкармалыгы<br>Ош шаарынын маданият башкармалыгы<br>Ош шаарынын аймагындагы жогорку окуу жайлары<br>Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык аймактык башкармалыктары<br>Ош юстиция башкармалыгы |
| 4 | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар тарабынан этика ченемдерин системалуу сактоону камсыз кылуу, аларда коррупцияга каршы туруктуу баалуулуктарды калыптандыруу жана кесиптик компетенттүүлүктү жогорулатуу | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын этика боюнча комиссияларынын ишинин натыйжалуугуна жыл сайын мониторинг жана талдоо жүргүзүү, андан ары жыйынтыктарын жарыялоо жана сунуштамаларды иштеп чыгуу | 2026-2027-жылдар | Ош юстиция башкармалыгы<br>Ош шаардык ички иштер башкармалыгы<br>Ош шаарынын маданият башкармалыгы<br>Ош шаардык билим берүү башкармалыгы<br>Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык мекеме-ишканалары |

**Ош шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси** **М.О. Осмоналиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН